# Улуттук банктын ноталары

*(2014-жылдын июнь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана алардын жайгаштыруу**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан төрт аукцион өткөрүлгөн, анда жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 12,5 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнөн 4,2 пайызга көп.

Өткөрүлгөн аукциондордо суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү 34,8 пайызга жогорулап, 3,0 млрд. сомду түзгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына ылайык, июнь айында сатуулар көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталар менен гана берилген, алардын көпчүлүк бөлүгү үч коммерциялык банк тарабынан сатуулар түзүмүндө 98,9 пайыз жалпы үлүшү менен сатылып алынган. Ошентип, кароого алынып жаткан мезгил ичинде сатуулардын орточо аукциондук көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 32,7 пайызга көбөйүү менен 3,0 млрд. сомду түзгөн.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 6,0 пайызды түзүү менен өткөн айдын деңгээлинде сакталган.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 3,0 млрд. сом деңгээлинде түптөлүү менен 11,4 пайызга көбөйгөн. Алсак, Улуттук банктын ноталарынын негизги ээлик кылуучуларынын бири болуп саналган юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү коммерциялык банктардын портфелинин салыштырма

[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлгөн аукциондордун саны туруксуз чоңдук болуп саналат.

салмагынын 46,0 пайызга чейин (+5,2 пайыздык пункт) бир эле учурда жогорулашынан улам, 5,8 пайыздык пунктка, 53,4 пайызга чейин төмөндөгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде институционалдык инвесторлор портфелдеги үлүштү 0,7 пайызга чейин көбөйтүү менен рыноктун аталган сегментинде жигердүүлүктү кайра жандандырышкан. Жеке адамдар аукциондордо катышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 6/1/2013 | 3,073.0 | 1,811.0 | 58.9% | 1,262.0 | 41.1% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 7/1/2013 | 3,105.5 | 1,836.0 | 59.1% | 1,269.5 | 40.9% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 8/1/2013 | 2,680.6 | 960.5 | 35.8% | 1,636.1 | 61.0% | - | 0.0% | 84.0 | 3.1% |
| 9/1/2013 | 2,400.0 | 370.5 | 15.4% | 2,029.5 | 84.6% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 10/1/2013 | 2,720.0 | 1,098.6 | 40.4% | 1,621.4 | 59.6% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 11/1/2013 | 2,895.4 | 1,229.5 | 42.5% | 1,665.9 | 57.5% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 12/1/2013 | 3,959.0 | 2,152.6 | 54.4% | 1,806.4 | 45.6% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 1/1/2014 | 6,645.0 | 3,892.2 | 58.6% | 2,730.7 | 41.1% | 1.0 | 0.0% | 21.1 | 0.3% |
| 2/1/2014 | 6,240.5 | 4,838.1 | 77.5% | 1,384.9 | 22.2% | - | 0.0% | 17.5 | 0.3% |
| 3/1/2014 | 5,233.1 | 3,310.4 | 63.3% | 1,917.6 | 36.6% | - | 0.0% | 5.0 | 0.1% |
| 4/1/2014 | 3,080.1 | 539.0 | 17.5% | 2,541.1 | 82.5% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 5/1/2014 | 1,548.0 | 341.0 | 22.0% | 1,207.0 | 78.0% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 6/1/2014 | 2,703.9 | 1,103.0 | 40.8% | 1,600.9 | 59.2% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 7/1/2014 | 3,011.7 | 1,384.0 | 46.0% | 1,607.0 | 53.4% | - | 0.0% | 20.7 | 0.7% |